## 2-секция. Социалдык-гуманитардык илимдер, 2010-жылдын апрели: окуялар, фактылар

**УДК:94(575.2)**

***Исаков Б. М.-** окутуучу**, Жоробаев С.У.***

# *Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптануу барактарынан.*

**Ал болчу акыл-ойлуу ишке чапчаӊ,**
**Бузукка-күйгөн жалын, каска-капкан.**
**Бийликти саясатка байлап жүрдү,**
**Саясатты бийликке кынай билди.**

**Жусуп Баласагын. «Кут алчу билим»**

***Аннотация***

*Макалада Кыргыз элинин мамлекеттүүлүгү калыптануу барактары, жана ал күндөрдөгү белгилүү инсандардан болгон А. Орозбековдун ишмердүүлүгү жөнүндө баяндалат.*

Абдыкадыр Орозбеков (1889-1938 жж.). Советтик партиялык ишмер. Маргалан уездинин Охна кыштагында (бүгүнкү Баткен областы, Кадамжай району, Орозбеков айылы) туулган. 1907-17 жылдары наабайчыга жалданма жардамчы болуп иштеген. Туркестандагы жумушчулар кыймылына катышкан. Кыргызстандагы совет бийлигинин орношуна жана бекемделүүсүнө активдүү күрөшүү менен салым кошкон. Граждандык согуш жылдарында катардагы аскерден баштап, отряд командири жана комиссарга чейинки жолду басып өткөн. Ал 1920-23 жж. айылдык, болуштук, райондук революциялык комитеттерин жетектеген. Кийин 1924-25 жж. Ош округдук эмгекчилер Кеӊешинин агрардык бөлүм башчысы болгон. Андан кийин жооптуу катчы болуп иштеген. Кара Кыргыз АОнын жумушчу дыйкан-солдат кеӊештеринин учредительдик сьездинин делегаты болуп баруу менен 1925-жылдан областтык аткаруу комитетинин төрагасы болуп шайланган. Кыргыз АССринин БАК нин төрагасы болуп 1927-37 жж. иштеген. Жалган жалаа менен эл душманы деп караланып, атууга өкүм кылынган. Ал 1938-ж. май айында катуу оорuudan каза болгон. Коюлган күнөө жалган жалаа экендиги далилденип 1956-жылы реабилитацияланган.

Тарых – изилдөө жана өтмүш жөнүндө баяндоо деген маанини берет. Бүгүнкү күндөгү тарых – адам коомунун өнүгүү процессин ошондой эле азыркы абалын изилдөөчү илим катары белгилүү. Тарыхтын мазмуну – адам турмушундагы өзгөрүүлөрдөн ошондой эле тарыхый булактарда, тарыхый эстеликтерде сакталып калган маалыматтардан турат. Мына ушулар, бизге өтмүш менен учурдун карым-катнашын тактоо, өлкөнүн элдин түрдүү мезгилдердеги экономикалык, социалдык, саясий турмушун окуп үйрөнүү менен андан сабак алууга зор жардам берет. Өз кезегинде элибиздин кыргыз мамлекетибиздин басып өткөн жолуна дагы бир жолу сересеп салуу учур талабы. Өз ээлигин коргоодо байыркы замандан тарта ата-бабаларыбыз алынын жетишинче жоокерлик заманда өз милдетин аткарып келишти. Алардын, кыргыздын эл катары калыптануусуна, түптөлүүсүнө, топтолуусуна кошкон салымы баа жеткис. Эне-Сайдагы ээликтерди коргоодо, Барс Бек, Алп Сол сыяктуу ажолорубуз, кийинки мезгилдердеги Мухаммед Кыргыз (Тагай бий) ошондой эле кыргыз уруулары баатырлары, тарых барактарында өз элин-жерин чет жактан келген кол салуулардан, басып алуулардан, коргоочу элдин башчылары, өз мезгилинин лидерлери, алдыӊкы адамдары болушкан. Ушундай кыргыз жерине көз артуу кийинки замандарда Цинь династиясы, Кокон хандыгы, падышачылык

Россия тушунда да болуп турган. Бул доорлордо жалпы эле Орто Азия анын ичинде кыргыз жерлерин бириккен жергиликтүү элдер өз башчылары жетекчилигенде коргоого аракеттенип келишти. Ушундай Ата-журт үчүн, анын көз карандысыздыгы үчүн өз заманында күрөшүп келген аталарыбыздын бири бүгүнкү биз сөз кылып жаткан белгилүү саясий ишмер Абдыкадыр Орозбеков болуп эсептелет.

Кыргыз эли үчүн кыйын кезең байыркы жоокерчилик замандан тарта, кийинки доорлорго чейин болуп келди. Ал эми бүгүнкү глобализациянын жана дүйнөлүк түрдүү кризистер учурунда биз үчүн кезектеги сыноолор жаралууда. Мына ушундай сыноолордун бири падышачылык бийлик кулап, Советтик Туркестан түптөлүп, жаткан мезгилде болгон, жана ошол замандагы сыноолордо өлкөнүн, мамлекеттин түзүлүүсүндө кыргыз интеллигенциясы Ю. Абдрахманов, И. Арабаев, А. Сыдыков, И. Айдарбеков, А. Орозбеков, Т. Айтматовдордун ролу эбегейсиз чоң. Кыргызстандын тарых барактарын андан ары карап көрсөк, эң алгачкы совет бийлигинин орноосуу Орто Азия элдеринин улуттук өз алдынчалыгына жетүүсү оңойго турбаптыр. Алсак, 1917-ж. 2-ноябрда «Россия элдеринин улуттук декларациясы» декретинде улуттук саясаттын жаңы түзүлүшү каралган болсо, 1918-ж. Кеңештердин 3-бүткүл Россиялык сьездинде «Эзилген элдин, жумушчулардын укуктары декларациясында» федерация негизинде көп улуттуу социалисттик өлкөнү куруу каралган. Ушул чечимдердин негизинде 1918-ж. Орто Азиядагы элдер Туркестан Автономиялык ССРине бириккен. Ушул эле жылы автономия укуктарынын негизинде Туркестан АССРи, Россия Федерациясынын түзүмүнө кирген. Аймактагы советтик бийликти бекемдөөдө совет өкмөтү тарабынан түзүлгөн (Түркомиссия 8-октябрь 1918-ж.) Туркестандын иштери боюнча комиссия өтө жемиштүү иштеген. Анын түзүмү М. В. Фрунзе, В. В. Куйбышев, Я.Э.Рудзутак, Г. И. Бокий, Ф. И. Голошекин, Ш. З. Элиавалардан турган. Бул комиссия, совет бийлигин орнотуу, түптөө, өзгөчө улуттук маселеде партиялык советтик жетекчилердин кемчиликтерин четтетүүгө көңүл бурган. Комиссиянын шовинисттик саясат жүргүзгөн ишмерлерди четтетүүсү, жергиликтүү элдин өкүлдөрүн башкарууга тартуусу, совет бийлигине ишенимдин артуусуна жана Кыргызстандын аймагындагы совет бийлигинин орноосуна шарт түздү, ушундай шартта жакшы жөрөлгөлөрдүн болушуна карабай кыргыз эли ыңгайсыз абалда калды, себеби, Туркестан АССРинин түзүмүнө кирген кыргыз аймагы төрт областка: Жети-Суу, Сыр-Дарья, Фергана, Самарканд областтарына бөлүнүп калган эле. Бул областтарда кыргыздар улуттук азчылыкты түзүү менен алардын кызыкчылыктарына анча көңүл бурулган эмес. Ушуга байланыштуу 1921-ж. Алма-Атадагы кеңеште, Туркестан АССРинин түзүмүндө Тоолуу Кыргыз Республикасын түзүү маселеси көтөрүлгөн. Бирок, бул маселе оңдуу чечилбеди, себеби Жети-Суу жана Сыр-Дарья областтарын Казах АССРине өткөрүү болжолдонгон эле. Эгерде кыргыздар буга чейин бир автономиянын түзүмүндө болсо, эми эки республикага бөлүнүүгө туура келген. Иштин мындай абалына макул болбогон кыргыз интеллигенциясы 1922-ж. мартта Тоолуу Кыргыз областын кыргыздар жашаган уезддерди бөлүү менен Тоолуу Кыргыз областын түзүү маселесин кайра коюшкан. Туркестан коммунисттик партиясынын БК секретарияты Туркестан Республикасынын түзүмүндө Тоолуу Кыргыз областынын түзүлүүсүнө 1922-ж. 25-мартта чечим кабыл алган, жана 26-мартта Түрк БАКнин президиуму Тоолуу Кара Кыргыз областын түзүү токтомун бекитти, бирок бул областка Кыргызстандын түндүгү гана кирген. Бул областтын түзүлүү маселесинде ички келишпестиктер болуп, 1922-ж. Сталиндин жеке көрсөтмөсү менен декабрь айында РКП (б) нын БАК ти буга чейинки бардык чечимдерди «туура эмес»- деп тапты.

Орто Азиядагы контрреволюциячыл күчтөрдү, өзгөчө басмачылык кыймылдарды жоюу менен, андан ары аймакта жашаган элдердин чектерин тактоо мүмкүнчүлүгү пайда

болгон. Келечектеги республикалардын чек араларын тактоодо Туркестан АССРинин өкмөтүндө өзбек, түркмен, кыргыз бөлүмдөрү иштеп, аймактын этнографиялык түзүмүн тактаган. Кеңештердин Бүткүл Россиялык I-сьездинде 1922-ж. 30-декабрда СССРдин түзүлгөндүгү жарыяланды. Кеңештердин 31-январда болгон 1924-ж. II-сьездинде СССРдин I- конституциясы кабыл алынган. Ушул сьездде Туркестан АССРинин делегациясынын түзүмүндөгү кыргыз делегаттар Кыргызстанга өзүнчө автономиялык бирдикти берүүсүн суранышкан. Сентябрда калктын түзүмүн жана жаңы чек араны тактоо 1924-ж. аяктап, кыргыздар Фергана, СырДарья, Жети Суу, Самарканд областтарында 860 миң, мындан башка Памир, Бухара, Батыш Кытай аймактарында 210 миң кыргыз жашагандыгы аныкталган. Кийинчерээк 1924-ж 19-октябрда Туркмен АССри, Өзбек АССРи, Тажик автономиялуу областы, Кара Кыргыз автономиялуу областы (экөөсү РФ курамында), Кара калпак автономиялуу областы Казах АССРинин курамында, түзүмдөрү түзүлгөн. Кара Кыргыз автономиялуу областына мурдагы Туркестан АССРинин Жети Суу областы боюнча: Пржевальск, Нарын, Пишпек уезддери, Наманган уездинин 10 болуштугу, Фергана областына караштуу Кокон уездинин 2 болуштугу, Олуя Ата уездинин 14 болуштугу кирген. Кара Кыргыз автономиялуу областынын областтык статистикалык бюросунун маалыматы боюнча областынын калкы 823,3 миң адам болуп, анын 63,5% кыргыздар, 15,4%, узбектер, 16,8% орустар, 4,3% башка улуттар өкүлдөрүнөн тураары аныкталган. Областтын аймагы 200 миң кв. км. дин тегерегинде болуп 6 шаар, 321 айыл, 5 хутордон турган. (маалымат үчүн, бүгүн КРдин аянты 199, 945кв. км; калкы 4, 822, 9 миң,
Областтары: Баткен аянты 17,023,9 кв. км калкы 382,4 миң; Жалал-Абад 33,647,5 кв км калкы 869,3 миң; Ысык-Көл 43,144,0 калкы 413,1 миң; Нарын 46,706,9 кв.км калкы 249,1; Ош 29,165,1 кв. км калкы 1, 176 миң; Талас аянты 11,445,9 калкы 199,9 миң; Чүй аянты 18,684,4 калкы 770,8 миң).

Кара Кыргыз автономиялуу областы түзүлгөндөн кийин өлкөдө совет бийлигинин органдары жана саясий уюмдар түзүлө баштады. РКП (б) БКнин саясий бюросу 18-октябрь 1924-жылы убактылуу Кара Кыргыз автономиялуу областынын революциялык комитетинин жана бюросун бекитти. Кыргыз областтык комитетинин РКП (б) нын биринчи катчысы болуп Михаил Каменский, экинчи катчысы Ю.Абдрахманов, революциялык комитеттин төрагасы И. Айдарбеков шайланышкан. Революциялык комитеттин алдында түзүлгөн комиссия областтын айыл чарбасын, чек арасын, табийгый ресурстарын андан ары иликтөө максатында, ошондой эле Кыргызстанды эффективдүү башкаруу максатында областтын революциялык комитети Пишпек, Каракол, Нарын, Ош, Жалал-Абад округдарын түздү. Областтык революциялык комиттеттин 1925-ж. 15-январда отурумунда, Кара Кыргыз автономиялуу областынын түзүлүүсү жөнүндө декларация кабыл алынды, жана салтанаттуу түрдө Кыргыз мамлекеттүүлүгү жарыяланды. Мамлекеттүүлүктүн декларациясынын жарыяланган 16-январь күнү майрам күн катары белгиленген. Мамлекеттик аппаратты түзүүнүн кийинки этабында Кеңештердин учредительдик сьездин өткөрүү жана шайлоону өткөрүү зарыл болчу. Жергиликтүү Кеңештерге шайлоолор ийгиликтүү аяктап, 1925-ж. 27- мартта Пишпекте автономиялык областтын учредительдик сьезди өз ишин баштады. Сеьздге 135 делегат катышып, түзүмүндө 18 жумушчу, 25 дыйкан, 8 жумушчу, 8 окуучулардан болушкан, ал эми улуттар өкүлдөрү боюнча төмөнкүдөй түзүмдө эле: кыргыздар-81, орустар-29, өзбектер-8, украиндер-3, башка улуттар-14. Областтык аткаруу комитетинин 1925-ж. 31- марттагы 1-пленумунда дайыма иштөөчү аткаруу комитетинин 11 адамдан турган Президиуму шайланды, анын төрагасы болуп Абдыкадыр Орозбеков шайланды. Кеңештердин учредительдик сьезди кыргыз элинин калыптануусунда жана

бекемделүүсүндө өтө маанилүү күндөр болуп калды. Кабыл алынган мамлекетүүлүк кыргыз аймагынын биригүүсүнө, экономикасынын, маданиятынын өсүүсүнө өбөлгө жаратты, улуттук кайра жаралууга чоң шарттар түзүлдү. Кийинки мезгилдеги 1925-ж. 25-майындагы Кара Кыргыз автономиялуу областынын Кыргыз Автономиялуу областы болуп түзүлүүсү, 1926-ж. 1-февралында Кыргыз АССринин түзүлүшү, ошондой эле 1936-ж. 5-декабрдагы Кыргыз ССРинин түзүлүшү тарыхый окуяларында, БАК нин төрагасы Абдыкадыр Орозбековдун жана башка Ата Мекенибиздин патриот атуулдарынын кошкон зор салымы дайыма биздин эсибизде сакталат.

***Адабияттар***

1. История Киргизской ССР. Том 1. Фрунзе, 1984.
2. *Солтоноев Б.* Кыргыз тарыхы/Жооптуу редактору А. Какеев. Бишкек,2003.
3. Материалы по истории киргизов и Кыргызстана-Вып.1. М., 1973.
4. Улуу инсан (Эскерүүлөр) Бишкек «Учкун» 1996. 24-28 б.б.